**Курамы, чыгарылыш формасы жана таңгактоосу**
Сироп – 1000 мл:
• Активдүү компоненти: алтей тамырынын экстракты (кургатылган алтей тамырынын экстракты) (глюкозага эсептегенде калыбына келтирүүчү моносахариддердин жалпы мазмуну кеминде 1,0%) – 25 г;
• Жардамчы заттар: натрий бензоаты, сахароза (ак кумшекер), тазаланган суу.

95 млден бурама моюндуу кызгылт сары айнек бөтөлкөлөргө куюлуп, алюминий капкакчалар менен же баланын ачуусунан коргой турган, биринчи ачылышты көзөмөлдөгөн жабуучу капкакчалар менен жабылат. Ар бир бөтөлкө колдонуу боюнча нускама менен кошо картон кутуга салынып таңгакталат.

**Дары формасынын сүрөттөлүшү**
Ачык сарыдан сары күрөңгө чейинки түстөгү, өзгөчө жыты бар коюу суюктук.

**Фармакотерапиялык тобу**
Өсүмдүк тектүү какырык чыгаруучу каражат.
Рефлектордук какырык чыгаруучу жана жергиликтүү сезгенүүгө каршы таасири бар, бронхтук секрециянын илешкектүүлүгүн азайтат.

**Колдонууга көрсөтмөлөрү**
Какырыгы оор бөлүнгөн жөтөл менен коштолгон дем алуу жолдорунун оорулары (трахеит, трахеобронхит, бронхит).

**Колдонууга каршы көрсөтмөлөр**
Препараттын компоненттерине жекече жогорку сезимталдык.
Сахараза/изомальтаза жетишсиздиги, фруктозаны көтөрө албоо, глюкоза-галактозаны сиңире албоо.

**Этияттык менен колдонуу:**
Кант диабети бар бейтаптар жана төмөн көмүрсуулуу диетада жүргөн адамдар дарыны колдонууга чейин дарыгер менен кеңешүүсү керек.

**Кош бойлуулук жана эмчек эмизүү мезгили**
Кош бойлуу жана эмчек эмизүү учурунда дарыны колдонуу дарыгер менен кеңешүүдөн кийин, эгер эненин пайдасы бала үчүн тобокелдиктен жогору болсо, мүмкүн.

**Терс таасирлери**
Аллергиялык реакциялар болушу мүмкүн. Эгерде сизде көрсөтүлгөн терс таасирлер пайда болсо же күчөсө, же болбосо башка терс таасирлер байкалса, дарыгерге кайрылыңыз.

**Башка дары-дармектер менен өз ара аракеттенүүсү**
Кодеин жана жөтөлгө каршы башка каражаттар менен бир убакта колдонууга болбойт, анткени алар суюлулган какырыкты жөтөлүп чыгарууну кыйындатат.

**Колдонуу ыкмасы жана дозасы**
Ичке кабыл алуу үчүн.
12 жашка чейинки балдар – 1 чай кашык сиропту 1/4 стакан жылуу сууга аралаштырып, күнүнө 4-5 жолу тамактан кийин ичишет.
12 жаштан жогорку балдар жана чоңдор – 1 аш кашык сиропту 1/2 стакан жылуу сууга аралаштырып, күнүнө 4-5 жолу тамактан кийин ичишет.
Дарылоо узактыгы – 10-15 күн. Дарылоону узартуу жана кайрадан өткөрүү дарыгер менен макулдашуу аркылуу жүргүзүлөт.
Эгер дарылоодон кийин жакшырган жок болсо, симптомдор күчөсө же жаңылары пайда болсо – дарыгерге кайрылыңыз. Дарыны нускамада көрсөтүлгөндөй гана колдонгула.

**Дозадан ашып кетүү**
Симптомдору: жүрөк айлануу, кусуу.
Дарылоо: дарыны токтотуу, ашказанды жууш.

**Сактык чаралары жана өзгөчө көрсөтмөлөр**
Кант диабети менен ооруган бейтаптар үчүн маалымат:
1 чай кашыктын (5 мл) курамында 0,4 нан бөлүк (ХЕ), 1 аш кашыкта (15 мл) – 1,2 ХЕ камтылган.
Эгер симптомдор 2 жуманын ичинде жакшыра элек болсо же күчөсө – дарыгерге кайрылыңыз.

Дарыны колдонуу транспорт каражаттарын башкарууга же кооптуу механизмдер менен иштөөгө таасир бербейт.

**Сактоо шарттары**
Бөлмө температурасында сактоо.

**Дарыканалардан чыгаруу шарттары**
Рецептсиз.